Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңешти эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркулдун изденүүчү Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин "Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991 – 2010-жж.)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 07.00.02 – Ата Мекен тарыхынын адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү эгемендуу Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхына изилдөө жүргүзүлгөн.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Кыргызстандын көз карандысыздык доору тарыхын саясий окуяларга бай, өтө татаал, ошол эле учурда изилдөө жүргүзүүдө бир катар кайчы пикирлерди жаратып келе жаткан өткөөл мезгил катары кароого болот. Андыктан изилдөөгө алынып жаткан мезгилдин мыйзам ченемдүүлүгүн так аныктоого муктаж. Эгемендүүлүк доордун саясий тарыхына терең талдоо жүргүзүүдө, тарыхый булактардагы маалыматтардын аныктыгын, чындыгын салыштырып, тарыхый окуялардын түпкү маңызын, себебин аныктоо алдыдагы маселелердин бири. Изилденип жаткан мезгилдин саясий тарыхына талдоо жүргүзүүдө, эл аралык уюмдардын, илимпоздордун, байкоочулардын, мамлекеттик органдардын пикирлерин жана көз караштарын эске алуу аркылуу так илимий жыйынтыктарды чыгаруу маселеси актуалдуу.

2. **Диссертациялык иштин максаты** - Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхына анализ берүү. **Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкү милдеттер коюлган:**

- Өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалга талдоо жүргүзүү, саясий түзүлүштү реформалоонун өбөлгөлөрүнө тарыхый талдоо жүргүзүү;

-Президенттик башкаруунун киргизилишине талдоо жүргүзүү

- Өлкөдөгү көп партиялуулук системанын калыптануусуна, анын өрчүшүнө талдоо берүү

- Саясий бийликтин кризиси жана элдик нааразычылыктардын себептерине талдоо жүргүзүү

-2005-жылдагы элдик революциянын себептери, жүрүшү, натыйжаларына баа берүү

-Элдик революциядан кийинки коомдук-саясий абалга талдоо жүргүзүү

Изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси жана ыкмалары 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистигине байланыштуу коюлган талаптарга жооп берет.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү тарыхын чагылдырган жаңы тарыхый булактар илимий айлампага киргизилди

- 2005-жылдагы март окуясын Кыргызстандын эгемендик доорундагы саясий, социалдык-экономикалык кризистердин натыйжасында жаралган, эл массасынын активдүү катышуусу аркылуу ишке ашырылган элдик революция катары баалоого болот.

**4. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси.** Диссертациянын илимий жыйынтыктарын жогорку жана орто окуу жайларда Кыргызстандын тарыхы, саясат таануу предметтерин окутууда, мамлекет таануу, инсан таануу багыттарында изилдөө иштерди жүргүзүүдө материал катары колдонулушу мумкун.

**6. Эскертүүлөр:** 2005-жылдагы революциянын мүнөзүн аныктоодо автор эмне үчүн аны төңкөрүш эмес, элдик революция деп эсептээрин негиздөө керек эле, мисалы, мындай пикир да болуп жатат.

2.Автор анын ишинин хронологиясы 2010-жылдын мезгилин камтыйт , бирок бул мезгил үчүн материалдар жетишсиз экенин белгилейт

**7. Сунуш:**

1. Иштин 2010-жылга тиешелүү бөлүгүн күчөтүү керек.

2.Көрсөтүлгөн мезгилде КР да революциялар сабактарын жана саясий процесстерди колдонуу боюнча корутундуларды жана практикалык рекомедацияларды иштеп чыгуу.

3. Диссертация айрым редакциялык-стилистикалык жана техникалык кемчиликтер кездешет, аларды УАК талаптарына лайык келтириш керек.

**8. Жетектөөчү уюм:** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы сунуштайм.

Биринчи официалдуу оппоненттике тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович сунуш кылынат.

Экинчи официалдуу оппонент тарых илимдеринин кандидаты, доцент Өмүрова Жүрсүн Касымбековна сунуш кылынат.

**9. Корутунду:** Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991 – 2010-жж.)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация кюлган талаптарга жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө болуп саналат.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып,**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинова атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешине коргоого кабыл алууга сунуш кылам.

Эксперт,
Тарых илимдеринин доктору,
профессор Айдаркул К.

19.03.2025-ж.

Эксперттин колун тастыктайм:

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Карыева А. К.